**371.13:004(575)** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).424**

# САНАРИП ДООРУНДА МУГАЛИМДИН РУХАНИЙ ДӨӨЛӨТТӨРДҮ САКТООДОГУ РОЛУ

Аскарова Гүлкайыр Маматкадыровна – окутуучу, ОШМПУ
ORCID 0009000546126973, askarova.82k@gmail.com

**Аннотация**

Бул макалада санарип доорунун билим берүү тармагына тийгизген таасири жана анын шартында руханий дөөлөттөрдү сактоо маселеси каралат. Технологиянын тездик менен өнүгүшү билим берүү процессин жеңилдетип, окутууну кызыктуу жана жеткиликтүү кылып жаткандыгына карабастан, улуттук баалуулуктардан жана маданий мурастан алыстатуу коркунучун жаратып жатат. Автор ушул шартта мугалимдин ролу мурдагыдан да күчөп жатканын белгилейт. Мугалим — руханий жана маданий дөөлөттөрдүн сактоочусу, улуттук нарк-насилди жаңы муунга жеткирүүчү инсан. Ошол эле учурда, ал технологияларды акыл-эстүү, максаттуу пайдаланууну да үйрөтүүчү катары каралат. Демек, мугалим — заман талабына ылайык, санариптик билим менен салттуу тарбиянын ортосундагы көпүрө.

**Ачкыч сөздөр:** Санарип доор, руханий дөөлөттөр, улуттук баалуулуктар, билим берүү, мугалимдин миссиясы

# РОЛЬ УЧИТЕЛЯ В СОХРАНЕНИИ ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В УСЛОВИЯХ ЦИФРОВИЗАЦИИ ОБРАЗОВАНИЯ

Аскарова Гүлкайыр Маматкадыровна - преподаватель ОшГПУ
ORCID 0009000546126973, askarova.82k@gmail.com

**Аннотация**

В данной статье рассматривается влияние цифровой эпохи на сферу образования и актуальность сохранения духовных ценностей в современных условиях. Быстрое развитие технологий, с одной стороны, способствует упрощению учебного процесса и делает знания более доступными, а с другой — несёт угрозу утраты культурных традиций и духовного наследия. Автор подчёркивает, что в таких условиях возрастает значимость миссии учителя как хранителя национальных ценностей, наставника молодого поколения. Учитель становится проводником между традиционным воспитанием и цифровыми возможностями, обучая учащихся осознанному, ответственному использованию технологий. Таким образом, роль педагога выходит за рамки передачи знаний — он формирует нравственные ориентиры и сохраняет культурную идентичность.

**Ключевые слова:** цифровая эпоха, духовные ценности, национальные традиции, образование, миссия учителя

# THE ROLE OF THE TEACHER IN PRESERVING SPIRITUAL VALUES IN THE CONTEXT OF DIGITALIZATION

Askarova Gulkayr Mamatkadyrovna - l ecturer OshSPIU,
ORCID 0009000546126973, askarova.82k@gmail.com

**Annotation**

This article explores the influence of the digital era on education and the growing need to preserve spiritual and cultural values under modern conditions. Rapid technological development makes the learning process easier and more engaging, yet poses a serious risk of disconnecting students from national traditions and moral foundations. The author emphasizes that in such a context, the teacher’s mission becomes more significant than ever. A teacher is not only a source of knowledge but also a guardian of cultural identity and a moral guide. Their role is to balance modern digital tools with the values of national education. Moreover, teachers are expected to educate students on the responsible and thoughtful use of technology. Thus, the teacher becomes a bridge between innovation and tradition, shaping both intellect and character.

**Keywords:** digital era, spiritual values, national traditions, education, teacher’s mission

Санарип доор — бул учурдагы технологиянын, интернеттин, смартфондордун, компьютерлердин жана жасалма интеллекттин кеңири колдонулушу менен мүнөздөлгөн жаңы баскыч. Бул доордо маалыматтар негизинен санарип форматта сакталат, жайылат жана

колдонулат. Бүгүнкү күндө билим берүү, экономика, медицина, маданият сыяктуу тармактар Санариптик каражаттарсыз иштей албай калды. Мисалы, китеп ордуна — планшет, Google; такта ордуна — интерактивдүү экран; мугалимдин түшүндүрмөсү — видеого айланган; ал эми окуучунун дептери — телефон же ноутбук болуп калды.

Мындай өзгөрүүлөр адамзаттын жашоо образын жана билим алуу жолун олуттуу түрдө өзгөрттү. Санарип каражаттар окутууну жеңилдеткени менен, маалыматтын сапаты, руханий тарбия жана баалуулуктарды өткөрүү маселелери курч бойдон калууда. Ошондуктан, билим берүүнүн мазмуну заман талабына ылайык тынымсыз жаңыланып, жаңы технологиялык мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен өнүгүп турушу керек. Бирок ошол эле учурда улуттук өзгөчөлүктөрдү, руханий дөөлөттөрдү жана тарыхый тажрыйбаны жоготпой, аларды жаңы шарттарга ылайык кайрадан чечмелеп, окутуунун мазмунуна терең сиңирүү зарыл.

Азыркы замандын өзгөчөлүгү — технологиянын тездик менен өнүгүп, адамзаттын жашоо-тиричилигине кеңири кирип келе жаткандыгы. Бул көрүнүш «санарип доор» деп аталып, жаш муундун дүйнө таанымына, жүрүм-турумуна, билим алуу жолуна жана мамиле маданиятына чоң таасирин тийгизүүдө. Бүгүнкү күндө маалыматты кагаздан эмес, интернеттен алуу адатка айланып, балдардын ой жүгүртүүсү да санариптик негизде калыптана баштады. Билим берүү тармагында да санариптик каражаттарды колдонуу күнүмдүк көрүнүшкө айланып, окутуу процессинин сапатына оң таасирин берип жатат.

Бирок бул өнүгүүнүн артында чоң бир кооптуу жагдай да бар: улуттук баалуулуктардан, тарбиялык мазмундан жана руханий дөөлөттөрдөн алыстоо. Технологияга сугарылган бала улуттук нарк-насилден алыстап, дүйнөлүк агымдын жетегинде калып жатышы мүмкүн. Дал ушундай шартта мугалимдин ролу мурдагыдан да маанилүү жана жоопту болуп калды.

Бүгүнкү мугалим — жөн гана билим үйрөтүүчү эмес, ал руханий дөөлөттөрдүн сакталышы үчүн күрөшкөн жол көрсөтүүчү, маанилүү тарбиячы, коомдун жан дүйнөсүн байытып туруучу инсан. Ал эми билим берүү — бул жөн гана сабак өтүү эмес, коомдун руханий жана маданий өзөгүн муундан муунга өткөрүүчү көпүрө болуп калды.

Билим берүү — коомчулуктун өз баалуулуктарын жана салт-санаасын укумдан тукумга калтыруунун негизги жолу. Кайсы бир коом үчүн өз баалуулуктарын сырткы таасирлерден коргоп калуу мүмкүнчүлүгү болсо, башкалар үчүн бул — маданий толеранттуулукту жайылтуучу курал [3:31].

Санарип доордо маалымат булактары арбын, бирок баалуулуктар жоголуп кетүү коркунучунда турат. Ушул шартта мугалим билим берүү аркылуу улуттук өзөктү, маданиятты жана адамдык сапаттарды сактоочу негизги инсанга айланат. Ал окуучуларга заманбап билим менен катар улуттук аң-сезимди, адамдык жана руханий дөөлөттөрдү берип, алардын илим менен маданиятты айкалыштыра билүүсүнө жол көрсөтүшү керек. Мугалим баланын акылын гана эмес, жүрөгүн тарбиялаган инсан. Ошондуктан санарип доорунда мугалим технология менен иштөө гана эмес, руханий дөөлөттү баланын аң-сезимине сиңирүү миссиясын аркалашы зарыл.

Бул доор мугалимди техникалык жактан гана эмес, маданий жана нравалык жактан да жоопкерчиликтүү кылат. Эгер мугалим өзү улуттук дөөлөттөрдү терең түшүнүп, заманбап окутуу ыкмалары менен айкалыштыра алса, анда ал балдардын өз тамырын унутпаган, дүйнө таанымы кең инсан болуп өсүшүнө чоң салым кошот.

Ошондуктан билим берүү бүгүн — бул маданий туруктуулукту сактап калуунун жана руханий дөөлөттөрдү жаңыртып жеткирүүнүн эң негизги куралы. Мугалим — ошол баалуулуктардын сакчысы, жеткирүүчүсү жана өрнөгү.

Санарип технологиялары мугалимге да, окуучуга да кубаныч алып келип, окуу жараянына пайдалуу болгон шартта киргизилиши керек. Педагог Уилл Ричардсон (2016) белгилегендей, санарип дүйнөдө өзгөчө мүмкүнчүлүктөр бар:

убакыттын реалдуу режиминде бүткүл дүйнө менен баарлашуу;

бүткүл планета үчүн материалдарды жарыялоо;

аналогдук дүйнөдө мүмкүн болбогон ачылыштарды жасоо [5:167].

Санарип технологиялар билим берүүдө чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачканы менен, кыйынчылыктарды да жаратууда:

- Адамдык байланыштын солгундашы. Мугалим менен окуучунун көзмө-көз аракети азайып, натыйжада руханий жана тарбиялык таасир берүү кыйын болууда.
-Теңсиздик маселеси. Айыл жерлеринде интернет жана техника жеткиликтүүлүгү аз болгондуктан, билимге жетүүдө теңсиздик пайда болууда.
- Маалыматтын сапаты жана ашыкчалыгы. Интернетте маалымат көп, бирок ишенимдүү булакты тандоо кыйын. Натыйжада окуучулар үстүртөн билим алып, туура эмес маалыматка ишенип калышы мүмкүн.

Кошумчалай кетсек мугалимдер үчүн да кыйынчылыктар бар:

- Бардык окутуучулар санарип технологияларды жетиштүү деңгээлде колдоно албайт;
- Санарип окутууда окуучулардын көңүлүн топтоо кыйын, тез тажап кетишет;
- Руханий жана тарбиялык таасирди берүүдө экран аркылуу ички байланыш түзүү кыйын.

Бул көйгөйлөр билим берүүнү жеңилдетпестен, тескерисинче, жаңы жоопкерчиликтерди жаратат. Ошондуктан мугалимге жаңы ыкмалар, технологиялар менен катар руханий күч жана чыгармачылык да талап кылынат.

Мугалимдин жаңыча ролу- модератор, менеджер. Эми мугалим окуучуларга билим гана бербестен, тартипке чакырбастан, каталарын оңдобостон, чечим кабыл алат. Ал доскада жалгыз турган демилгечи гана болбостон, модератор болгондуктан, билимди табуу стратегияларын тааныштырат, кеңеш берет жана байкоо жүргүзөт. Ал - менеджер катары окуучулардын окуу ишин уюштурат, алардын иш - аракетин координациялык,жетишкен ийгиликтерге комментарий берет жана өзү да педагогикалык ишке катышат. [4: 17]

Санарип доордо окуучунун маалыматка жетүүсү оңой болгону менен, ал маалыматты сарамжалдуу пайдалануу, адамдык жана улуттук баалуулуктар менен айкалыштыруу кыйынга турат. Мына ушунда мугалим модератор катары кийлигишип, окуучуга кайсы булак ишенимдүү, кандай маалымат пайдалуу экенин түшүндүрөт.

Ошондуктан азыркы мугалимдин миссиясы — жөн гана окутпастан, “технологиянын ичинде жүрүп, улутту жоготпоо” жолун көрсөтүүчү инсан болуу. Бул ролду эффективдүү аткаруу үчүн мугалим өзү да заман талабына ылайык санариптик жактан сабаттуу, ошол эле учурда улуттук аң-сезими бекем болушу зарыл. Мугалимдер студенттердин эмоционалдык интеллектин, улуттук аң-сезимин, руханий дүйнөсүн өнүктүрүү боюнча да жоопкерчилик алышат. Себеби, учурда жаштар көп учурда "таасирленүү маданиятына" түшүп, маалыматтардын агымында өзүнүн инсандык жана улуттук өзөгүн жоготуп алуу коркунучунда калышат.

Мындан улам мугалим — билим берүүнүн гана эмес, руханий багыттоонун дагы негизги фигурасы болуп калууда. Ал ар бир сабакта окуучуларга жөн гана билим эмес, адамдык касиеттерди, улуттук өзгөчөлүктү жана маданий аң-сезимди да жеткире билиши зарыл. Платформаларда маалыматтын саны көп болгону менен, анын сапаты, таасири жана багыты ар кандай. Айрым маалыматтар окуучулардын моралдык, руханий дүйнөсүнө терс таасир этиши мүмкүн.

Мугалим ошондой эле окуучунун инсандык калыптанышын колдоочу, критикалык ой жүгүртүүгө үндөөчү жана улуттук дөөлөттөрдү замандын тили менен жеткирүүчү болушу кажет. Мисалы, кыргыз элинин тарыхы, каада-салты, тили жана элдик педагогикадагы үлгүлөр санариптик билим берүү ресурстары аркылуу заманбап формада сунушталса — бул окуучулар үчүн да кызыктуу жана мазмундуу болот.

Мындан сырткары, мугалимдин өзүнүн да үзгүлтүксүз өнүгүүсү — анын ролунун бөлүнгүс бир бөлүгү. Ал заман талабына ылайык технологияларды өздөштүрүп, бирок ошол эле учурда улуттук жана руханий баалуулуктарды жоготпой, тескерисинче, аларды жаңы ыкмалар менен жайылтууга умтулушу керек. Критикалык ой жүгүртүүгө үндөгөн жана улуттук дөөлөттөрдү заманбап тил менен жеткирген окутуу — бүгүнкү мугалимдин башкы максаттарынын бири. Мисалы, кыргыз элинин тарыхын, каада-салтын жана элдик

педагогикадагы үлгүлөрдү санариптик билим берүү ресурстары аркылуу заманбап формада сунуштоо — бул окуучулар үчүн да кызыктуу жана мазмундуу болот. Алсак, элдик макал-лакаптарды, сөздөрдү, тарыхый түшүнүктөрдү интерактивдүү форматта берсе, окуучунун көңүлү заматта бурулат.

Мунун практикалык мисалы катары 8-класста өткөн "Сын атоочтор жана алардын колдонулушу" темасын келтирсек болот. Мугалим сабакта төмөнкүдөй мисалды берет: “Картайган ата, кыраакы эне, меймандос эл” деген сөз айкаштарын талдатып, бул сын атоочтор кандай маанини берип жатканын сурайт. Андан соң мындай суроо менен окуучуларды ой жүгүртүүгө жетелейт:

— “Бул сөздөрдө биздин элге таандык кандай сапаттар чагылдырылган?”

Окуучулар жооп берип жатып, улуттук дөөлөттөрдү аңдашат:

- “Картайган ата” — улууларды урматтоо, тажрыйбага таазим;
- “Кыраакы эне” — эненин акылмандыгы, байкоочулугу;
- “Меймандос эл” — кыргыз элинин сыйкор, боорукер мүнөзү.

Бул сабакта окуучулар сын атоочту үйрөнүү менен бирге, өз элинин руханий баалуулуктарын да түшүнүп, эне тили аркылуу улуттук аң-сезимин бекемдешет.

6-класста “Суунун айлануусу” темасын өтүп жатканда мугалим окуучуларга суунун бууланышы, жаан болуп түшүшү тууралуу түшүндүрөт (билим бөлүгү). Бирок ошол эле учурда мындай деп кошумчалайт:

— “Биздин ата-бабалар суу башын ыйык деп эсептеп, булагы бар жерди коргогон. Сууну булгасаң — бүт жаратылышка зыян тийет деп ишенишкен.”

Бул учурда окуучу илимий түшүнүк менен кошо руханий тарбияны да алат:

- Сууну коргоо — бул жөн эле экология эмес, улуттук нарк,
- Табиятка болгон мамиле — адамдык жана руханий баалуулук экенин түшүнөт.

Мындай мисал мугалимге маалыматты гана бербей, окуучунун моралдык аң-сезимин жана улуттук дөөлөттөрдү да калыптандырууга шарт түзөт.

Санарип доордо улуттук дөөлөттөрдү сактап калуунун эң негизги жолу — билим берүү аркылуу муундарга үзгүлтүксүз өткөрүү. Балдар технологиянын тилин түшүнгөн заманда, улуттук мазмунду да ошол тил менен жеткирүү зарыл. Мисалы, кыргыз тилин, тарыхын, элдик оозеки чыгармаларды заманбап мультимедиа, видеосабак, мобилдик тиркемелер аркылуу үйрөтүү — бул салтты жандандыруунун жаңы жолу.

Маданият, тил, каада-салт жөнүндө жандуу мисалдарды сабакта колдонуу, элдик макал-лакаптар, уламыштар менен сабакты айкалыштыруу — окуучунун аң-сезимине терең таасир берет. Ошондой эле окуучуларды жергиликтүү баалуулуктарды изилдөөгө, улуттук кийим, музыка, тамак-аш, оюндар тууралуу долбоорлорго тартуу да натыйжалуу.

Демек, мугалимдин миссиясы — технологияны пайдаланып, билим берүүнү жакшыртуу менен бирге, жаш муунду улуттук нарк-насилге, руханий дөөлөттөргө тарбиялоо жана маданий туруктуулукту камсыз кылуу.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Б-2015
2. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. Б-2011
3. Кен Робинсон., Луи Ароника Баланын жөндөмүн өнүктүрүү. КРЕАТИВДҮҮ МЕКТЕПТЕР. Б-2018
4. Койнова-Цельнер Ю.В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары.Б-2020
5. Тимоти Д. Уолкер Финдердей окуталы.Б-2019